Окутуунун заманбап мультимедиялык технологияларын стандарттуу жана стандарттуу эмес сабактар менен айкалыштыруу окуучулар үчүн маалыматты кабылдоодо оң натыйжаларды берет. Стандарттуу жана стандарттуу эмес сабактар бири-бирин толуктап, билим берүү процессинин ар тараптуу болушун камсыздайт. Мугалимдин чеберчилиги сабактын кайсы түрү болбосун, аны натыйжалуу жана кызыктуу кылып өткөрүүдө чоң мааниге ээ. Стандарттуу эмес сабактардынтүрлөрүнө төмөнкүлөрдү кошууга болот: оюн сабактары, квест сабактары, интерактивдүү сабактар, практикалык жана чыгармачыл сабактарж.б. Азыркы күндүтүрдүүилимдерди өздөштүрө алган билимдүүжаштарды тарбиялоо, б.а. инсанды ар тараптуу тарбиялоо доордун актуалдуу маселеси болсо, дал ошол маселени чечүүдө интеграциялап окутуунун да өз орду бар [1]. Окутуунун методикалык-теориялыкилимдериөзгөрүп, илимийжактан таанып-билүүнүн методдору өркүндөп жаткан кези [3]. Демек, билим берүү системасында бул технологияны кеңири колдонуу окуучулардын интеллектуалдык жана тилдик потенциалын жогорулатууда маанилүү кадам болуп саналат.

**Адабияттар:**

1.Амалканова Б.Т., Мадумарова М.К., Куйчиев А.С . Гуманитардык предметтерди инновациялык технологиялар менен окутуунун жолдору Известия кыргызского государственного технического университета им. И. Раззакова. Киргизский государственный технический университет им. И. Раззакова. Бишкек.No4(56). 2020г. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=45705378

2.Мендибаева Н. Башталгыч мектепте интеграцияланган сабактар окуучуларды ар тараптуу өнүктүрүүнүн жана таанып билүү ишмердүүлүгүн активдештирүүнүн жолу катары А.Мырсабеков атындагы ОшМПУ жарчысы журналы. 2024 - ж. №1. (23) https://ilim.oshmpu.kg/index.php/01/issue/view/22

3.Мадумарова М.К. Кыргыз тилин окутууда стандарттуу эмес сабактарды колдонуу жана аларды баалоо А. Мырсабеков атындагы ОшМПУ жарчысы” илимий-усулдук журналы. 2025-ж. No.1(25). 2-Т https://ilim.oshmpu.kg/index.php/01/issue/view/26

4. Юсупова А. Роль искусственного интеллекта в трансформации традиционных методов обучения: развитие речевой деятельности учащихся через образовательные проекты. : монография. – Чебоксары: ИД «Среда», 2024. – 232 с. Вопросы образования и психологии 232.
https://phsreda.com/ru/article/113974/discussion_platform [4].

5. Мадумарова М. Методы интегрированного обучения заветов манаса в целях распространения национальной идеологии и укрепления государственности. Электронный научно-практический журнал “Синергия”. 2016. № 2. ст.7
https://cyberleninka.ru/article/n/metody-integrirovannogo-obucheniya-zavetov-manasa-v-tselyah-rasprostraneniya-natsionalnoy-ideologii-i-ukrepleniya-gosudarstvennosti.pdf

**УДК:821:82.09 (575.2)** **DOI: https://doi.org/10.56122/..v2i2%20(26).438**

## Ч.АЙТМАТОВДУН “КЫЛЫМ КАРЫТАР БИР КҮН” ЧЫГАРМАСЫНДАГЫ МАҢКУРТТУК ЖАНА УЧУРДАГЫ ЭНЕ ТИЛ, ҮРП-АДАТТАРДЫ ҮЙРӨТҮҮ МАСЕЛЕЛЕРИ

Рысбаев Сулайман Казыбаевич - педагогика илимдеринин доктору, профессор,
Кыргыз билим берүү академиясы
E mail:rsulayman@mail.ru

Токтобаева Айзада Дуйшоналыевна - Б.Сыдыков атындагы Кыргыз-Өзбек Эл аралык университетинин аспиранты
E mail: aizadatoktobaeva3@gmail.com

# МАНКУРТИЗМ В ПРОИЗВЕДЕНИИ ЧИНГИЗА АЙТМАТОВА «И ДОЛЬШЕ ВЕКА ДЛИТСЯ ДЕНЬ» И ПРОБЛЕМЫ ОБУЧЕНИЯ РОДНОМУ ЯЗЫКУ И ТРАДИЦИЯМ В СОВРЕМЕННОМ ОБЩЕСТВЕ

Рысбаев Сулайман Казыбаевич - доктор педагогических наук, профессор,

Кыргызская академия образования

Токтобаева Айзада Дуйшоналыевна- аспирант Кыргызско – Узбекского международного университета им. Б.Сыдыкова

# THE CONCEPT OF “MANKURTISM” IN CHINGIZ AITMATOV’S NOVEL *THE DAY LASTS MORE THAN A HUNDRED YEARS* AND THE ISSUES OF TEACHING THE NATIVE LANGUAGE AND TRADITIONS IN MODERN SOCIETY

**Rysbaev Sulaiman Kazybaevich** – Doctor of Pedagogical Sciences, Professor,
Kyrgyz Academy of Education
**Toktobaeva Aizada Duishonalievna** – Postgraduate Student,
Kyrgyz-Uzbek International University named after B. Sydykov

**Аннотация**

Бул макалада Чыңгыз Айтматовдун “Кылым карытар бир күн” чыгармасында чагылдырылган маңкурттук темасы талданып, анын азыркы замандагы руханий ассимиляция жана эне тил, улуттук салт-санааны жоготуу маселелери менен болгон байланышы каралат. Адамзаттын руханий дүйнөсүндөгү терең көйгөйлөрдү, өзгөчө маңкурттук феноменин чагылдыруу менен, улуттук өзүн-өзү таануунун, эне тилдин жана үрп-адаттардын маанисин баса белгилөө менен мектептик жана жогорку билим берүү системасында бул чыгарманы колдонуп, студенттерге патриоттук жана маданий тарбия берүү жолдору сунушталат.Ч.Айтматовдун “Кылым карытар бир күн” чыгармасы аркылуу маңкурттук көрүнүшү анализденип, анын азыркы доордогу тил жана маданият жоготуу коркунучу менен болгон байланышы каралат. Ошондой эле, чыгарма аркылуу билим берүүдө руханий баалуулуктарды үйрөтүү методдору сунушталат.

**Ачкыч сөздөр:** Найман эне, улуттук баалуулуктар, эне-тил, руханий деградация, маңкурттук, философия, адабият методикасы, үрп-адат, роман.

**Аннотация**

В данной статье анализируется тема манкуртизма, отражённая в произведении Чингиза Айтматова «И дольше века длится день», и её связь с современными проблемами духовной ассимиляции, утратой родного языка и национальных традиций. Автор рассматривает глубокие духовные проблемы человечества, в частности феномен манкуртизма, подчёркивая значение самопознания, родного языка и национальных обычаев как основы сохранения культурной идентичности.

На основе анализа произведения предлагаются пути использования романа Айтматова в системе школьного и высшего образования для формирования у студентов патриотических чувств и культурных ценностей.

Через исследование образов и идей романа раскрывается взаимосвязь между феноменом манкуртизма и угрозой утраты языка и культуры в современном мире. Также в статье предлагаются методические подходы к преподаванию духовных ценностей посредством художественного текста.

**Ключевые слова:** Мать-найман, национальные ценности, родной язык, духовная деградация, манкуртизм, философия, литературная методология, обычаи, роман.

**Annotation**

This article analyzes the theme of *“Mankurtism”* depicted in Chingiz Aitmatov’s novel *“The Day Lasts More Than a Hundred Years”* and examines its connection with contemporary issues of spiritual assimilation, loss of native language, and national traditions. The study explores profound spiritual challenges of humanity, particularly the phenomenon of mankurtism, emphasizing the importance of self-identification, the native language, and customs as key components of preserving cultural identity.

Based on the analysis of the novel, the article proposes ways to integrate Aitmatov’s work into school and university education systems to foster patriotism and cultural awareness among students. Through literary and symbolic interpretation, the connection between the mankurt phenomenon and the current threats of language and cultural loss is revealed. Furthermore, the article suggests pedagogical methods for teaching spiritual values through the study of literary works.

**Key words**:Naiman mother, national values, mother tongue, spiritual degradation, Mankurtism, philosophy, literary methodology, customs, novel.

**Киришүү.** Чыңгыз Айтматовдун «Кылым карытар бир күн» романы — кыргыз адабиятынын алтын казынасына кирген философиялык чыгармалардын бири. Бул чыгармада автор адамзаттын руханий дүйнөсүндөгү терең көйгөйлөрдү, өзгөчө маңкурттук феноменин чагылдыруу менен, улуттук өзүн-өзү таануунун, эне тилдин жана үрп-адаттардын маанисин баса белгилеген. Бүгүнкү күндө глобалдашуу жана маданий ассимиляция шартында бул темалар өзгөчө актуалдуу болуп турат.Ч.Айтматов дүйнөлүк адабияттагы уникалдуу калемгер катары, адамзаттык баалуулуктарды, улуттук өзгөчөлүктү жана руханий дөөлөттөрдү терең философиялык жана көркөм деңгээлде чагылдырып берген. Анын “Кылым карытар бир күн” романы маңкуртчулуктун трагедиясы аркылуу элдин эне тилине, тарыхына, үрп-адатына кайдыгер караган коомдун келечеги кандай болорун эскерткен философиялык чыгармалардын бири.Ч.Айтматов маңкурттук аркылуу өз тамырынан, эне тилинен, маданиятынан ажыраган адамдын кандай коркунучтуу абалга туш болорун эскерткен. Бул – окуучулар менен студенттерге “кимбиз, кайдан келдик, кайда баратабыз?” деген суроону жараткан абдан күчтүү тарбиялык каражат. Чыңгыз Айтматов кыргыз адабиятында гана эмес, дүйнөлүк гуманитардык ойлордо да өз орду бар жазуучу. Анын “Кылым карытар бир күн” романы — руханий деградация, улуттук иденттүүлүк жоголуу, маңкурттук сыяктуу терең философиялык темаларды көтөргөн чыгарма. Маңкурт образы бүгүнкү күндөгү тил жана маданиятты жоготуу процесстерине салыштырмалуу өзгөчө актуалдуу. Азыркы коомдо эне тилге болгон кайдыгерликти көптөгөн жаштарыбыздан байкоого болот. Бул көрүнүш “маданий маңкурттукка” алып келүүсү мүмкүн. Айтматовдун “Тил жоголсо - эл жоголот”-.,деген эскертүүсү азыркы күнгө чейин да актуалдуулугун жоготпой келүүдө. [7;16]

**Изилдөөнүн максаты:**

Ч.Айтматовдун “Кылым карытар бир күн” чыгармасындагы маңкурттук темасын талдоо аркылуу учурдагы эне тилдин жана улуттук руханий баалуулуктардын маңызын аныктоо, ошондой эле чыгарма негизинде билим берүү процесси аркылуу студенттерге тилге болгон сүйүү, маданиятка болгон урмат жана улуттук аң-сезимди калыптандыруу жолдорун сунуштоо.

**Изилдөөнүн методдору:**

Көркөм текстке контент-талдоо – чыгарманы мазмундук жана символикалык жактан изилдөө. Салыштырма анализ – маңкурттук менен азыркы тил жоготуу процесстерин салыштыруу менен бирге сурамжылоо жана анкета ыкмасы аркылуу студенттердин тилге болгон көз карашын аныктоо.Ошондой эле педагогикалык эксперимент – чыгарма негизинде сабак өтүп, натыйжасын баалоо.

**Негизги бөлүм.** Маңкурттук – руханий деградациянын символу. Ч.Айтматовдун «Кылым карытар бир күн» чыгармасындагы маңкурттуктун образы – адамдын өз энесин, өз тилин, тарыхын, улуттук аң-сезимин унутуусу аркылуу берилет. Жоломандын өз энесин таанибай, аны душмандын буйругу менен өлтүрүшү— руханий өлүмдүн туу чокусу катары эсептелет.Маңкурттук Айтматовдо метафора катары гана эмес, улуттун келечегине коңгуроо каккан идея катары да кызмат кылат. Бул образ аркылуу жазуучу эне тилдин жана маданияттын жоголушу кандай оор кесепетке алып келерин көрсөткөн. [1;110]

Көңүл бурчу бир сөз, деги адабият мугалиминин күндөлүк иш-аракетинин, сөзүнүн натыйжасын кантип көрүүгө жана текшерүүгө болот? Башка предметтер боюнча окуучунун билимин текшерүү адабиятка караганда жеңилирээк көрүнгөнсүйт. Себеби адабият боюнча текшерүүдө окуучунун алган билиминин суммасын гана эмес, адамдын ички дүйнөсүнүн ыймандык өзгөрүүсүн, жетилүүсүн, рухий маданиятынын өсүп-өнүгүшүн байкап билүү, текшерүү керек болуп жүрбөсүн?! Ал колго кармалып, көзгө көрүнбөйт эмеспи! Анда кантип? Кагазданбы? Сөзүнөнбү? Кагаздын көлекөсүндө, сөздүн далдаасында эмнелер катылып жатты экен? Бала ниетинен чечилип сүйлөп, жүрөгүндөгү чындыкты айттыбы? Сөзү менен жүрүм-туруму, адамдык турпаты дал келе алабы? [5;121] Кээде заманбап маңкурт – өз тилин “уят”, өз маданиятын “артта калган” деп кабыл алган инсан.Ар бир инсан үчүн сөз кадырын барктап,баалоонун,туура маданияттуу сүйлөөнүн,өз эне тилин кадырлоосу абзел экендигин чыгармадан ачык-айкын көрүүгө болот.“Кылым карытар бир күн” чыгармасы — жөн гана көркөм чыгарма эмес, руханий жана моралдык сабак. Маңкурттук — физикалык эмес, руханий кулчулук. Эгер жаштар эне тилин, ата-бабанын каада-салтын, тарыхын билбесе — келечек коркунуч алдында турат. Эне тил - бул улуттук өзүн-өзү таануунун негизги элементи. Эне тил аркылуу адам өзүнүн тарыхын, маданиятын, үрп-адатын үйрөнөт. Айтматовдун чыгармасында эне тилдин мааниси Найман эненин уулуна кайрылуусу аркылуу көрсөтүлөт. Ал уулуна өзүнүн ким экендигин, кайсы элге таандык экендигин эскерткенге аракет кылат. Бул окуя эне тилдин жана улуттук өзүн-өзү таануунун ажырагыс байланышын көрсөтөт.Үрп-адаттар жана нарк-насилдер — бул элдин руханий иммунитети. Алар элдин эс тутумун, маданиятын сактап калууга жардам берет. Айтматовдун чыгармасында бул тема эненин образы аркылуу берилет. Ал өзүнүн уулуна тарыхын, маданиятын, үрп-адатын эскерткенге аракет кылат. Бул окуя үрп-адаттардын жана нарк-насилдердин маанисин көрсөтөт. Маңкурттук түшүнүгү маданий ассимиляциянын эң оор формасы катары каралат. Маданий ассимиляция — бул бир элдин башка бир элдин маданиятына, тилине, үрп-адатына толук кандуу сиңип кетиши. Айтматовдун чыгармасында бул процесс Жоломандын образы аркылуу көрсөтүлөт. Ал өзүнүн улуттук өзүн-өзү таануусун жоготуп, бөтөн маданияттын өкүлүнө айланат.Улуттук аң-сезимди ойготот, тилге болгон сүйүүнү бекемдейт. [4;27]

Бүгүн тил жоголуу коркунучунда. Көптөгөн жаштар социалдык тармактарда жана мектепте кыргыз тилин колдонууга уялышат. Бул көрүнүш – жаңы формасы бар маңкурттук. Ушундай шартта Айтматовдун чыгармалары эскертүүчү чырак катары мааниге ээ. [4;35]Кыргыз Республикасынын ар бир жараны, асыресе, мектеп окуучусу,жогорку окуу жайдын студенти өз эне тилин үйрөнүүгө жана сүйлөөгө болгон ички зарылдыкты сезүүсү,каалоо сезиминин ойгонуусу,оң ниеттин түптөлүшү,ички керектөөнүн (мотивация) жаралуусу -деп С.Рысбаев агай белгилегендей, студенттерге өз тамырын, маданиятын сыйлоону үйрөтүүдө “Кылым карытар бир күн” романы эң таасирдүү көркөм чыгармалардын бири. [3 ;18] Бүгүнкү күндө глобалдашуу шартында көптөгөн жаштар чет тилдерине артыкчылык берип, өз эне тилин колдонууга кайдыгер мамиле кылууда. Бул көрүнүш . Ч.Айтматов сүрөттөгөн маңкурттук

менен үндөш. Эне тилди жана руханий баалуулуктардын педагогикалык негиздерин үйрөтүүдө, чыгарма аркылуу тилге жана руханий баалуулукка тарбиялоодо,төмөнкүдөй ыкмалар менен окутуу сунушталат: Чыгарма боюнча интерактивдүү талкуулар: Дебаттар:“Эне тил – менин келечегим” Көркөм окуу жана сахналык көрүнүштөр:Эссе жазуу: “Мен киммин? Менин тамырым кайда?”Ролдук оюндар – Жоломан менен Найман эненин жолугушуусу. (сахналык көрүнүш).Тематикалык эссе: “Энем – тилим – тагдырым.”

**Салыштырма талдоо:** бүгүнкү жаштар жана Жоломандын ортосундагы окшоштук. Бул темада сабак өтүүдө төмөнкү методикалар да натыйжалуу. Студенттер “Эне тилди сактоо” боюнча мини-проект даярдашат.

**Дебат ыкмасы:** “Кыргыз тили — келечектин тилиби?” деген темада

**Ички рефлексия:** Чыгармадагы окуялар боюнча өз ойлорун кагазга түшүрүү.

**Корутунду:**Ч.Айтматов “маңкурт” образы аркылуу бизди өз түпкү тамырыбызды унутпоого чакырат. Азыркы билим берүү системасы бул чыгарманы активдүү колдонуу менен жаштардын тилге, салтка жана улуттук аң-сезимге болгон сүйүүсүн калыптандыра алат.[5;75]Чыңгыз Айтматовдун“Кылым карытар бир күн” чыгармасы дүйнөлүк деңгээлде мааниге ээ болгон, терең философиялык романдардын бири. Анда сүрөттөлгөн маңкурттук образы — улуттук аң-сезиминен, эне тилинен, тарыхынан ажыраган муундардын коркунучтуу келечегин чагылдырат.

чыгарма аркылуу учурдагы жаштарга эне тилдин жана руханий мурастын баалуулугун үйрөтүүнүн терең негиздери салынган. Жаштардын арасында чет тилди артык көрүү, улуттук маданиятты “эскирген” деп кабыл алуу – бул маданий маңкурттуктун заманбап формасы.Азыркы коомдо эне тилге болгон кайдыгерликти көптөгөн жаштарыбыздан байкоого болот. Бул көрүнүш“маданий маңкурттукка” алып келүүсү мүмкүн. “Кылым карытар бир күн” чыгармасы аркылуу маңкурттук маселеси – бүгүнкү билим берүүдө өтө маанилүү.[6;60]Студенттерге эне тилдин, улуттук маданияттын, эненин образындагы ыйыктыкты жеткирүү — бул руханий иммунитетти калыптандыруу. Айтматов бизди ушул багытка үндөйт.

**Адабияттар**


1. Айтматов Ч. “ Кылым карытар бир күн.” Роман. Бишкек: Кыргызстан [Текст] 1980
2. Мамытов К.“Руханий маңкурттук–коомдун трагедиясы”//Аалам, №3, [Текст] 2020
3. Рысбаев С. К.“Кыргыз тилин экинчи тил катары үйрөтүүнүн деңгээлдик негиздери жана анын дидактикалык талаптары ” Бишкек,[Текст] 2020
4. Токтомаматов А.“Кыргыз тилинин жашоосу– улуттун жашоосу”. Билим булагы, №1, 2021.
5. Рысбаев С.К.,Сыдыкова Б.Ч.Окуу орус тилинде жүргүзүлгөн мектептерде кыргыз тилин окутуунун маселелери /Мугалимдер үчүн колдонмо. [Текст] Бишкек, 2002.
6. Асанов Т. Айтматовдун философиялык дүйнөсү. [Текст] Бишкек. 2012.
7. UNESCO. Atlas of the World’s Languages in Danger, 2022.


**УДК 37.091.4**

## 12 ЖЫЛДЫК БИЛИМ БЕРҮҮДӨГҮ АДАБИЙ ОКУУ ПРЕДМЕТИНИН МАЗМУНДУК БАГЫТТАРЫ

Сакиева Сайипжамал Салайдиновна - педагогика илимдеринин доктору
Б.Осмонов атындагы ЖАМУ, Манас шаары, Кыргызстан
*ORCID: ID* 0009-0003-1520-3492, s-sakieva@mail.ru